# ИШТИН КӨЗҮН БИЛГЕН АДИС БОЛУУ ОҢОЙ

## PLITONIT Даяр кыртыш PROFI — ички жана тышкы иштер үчүн терең сиңүүчү кыртыш

Бул каражат цемент, цемент-акиташ жана гипс негизиндеги дубалдарды, полдорду жана шыптарды, ошондой эле гипсокартон барактарын кыртыштоого арналган. Аны цемент жана гипс негизиндеги аралашмаларды колдонуудан, боёодон жана туш кагаз чаптоодон мурун, ички жана тышкы иштердин алдында бетти бекемдөө, сууну сиңирүү деңгээлин азайтуу, суунун тез агып кетишин алдын алуу жана бетти чаңдан тазалоо максатында колдонуу керек.

**Таңгактоо: 3 л, 10 л пластик челек; 10 кг пластик чака.**

- Колдонууга даяр
- Терең сиңет жана бетти бекемдейт
- Бетти чаңдан тазалайт, кийинки катмарлар менен жабышуусун жогорулатат
- Дубалдарды, полдорду жана шыптарды кыртыштоого арналган
- Ички жана тышкы иштерге ылайыктуу
- Сактоо учурунда тоңдурууга жол берилет

**Материалдын сарпталышы**

Беттин сууну сиңирүү жөндөмдүүлүгүнө жараша 1 м² жерге 100-200 мл кыртыш сарпталат

**Жумуш аткаруунун шарттары**

Иш учурунда абанын, беттин жана колдонууга даяр кыртыштын температурасы +5°Стан төмөн болбошу керек. Сырткы иштерди жүргүзүүдө, иштетилген бетти толук кургаганга чейин жаан-чачындан коргоо зарыл.

**Негизди даярдоо**

Кыртыштоодон мурун бетти чаңдан, кирден жана майдан тазалоо керек. Эски жана анча жакшы кармалбаган катмардын бөлүктөрүн кылдаттык менен алып салуу керек.

**Колдонуу ыкмасы**

Колдонуудан мурун праймерди жакшылап аралаштыруу керек. Тик беттерди кыртыштоодо валик же чачыраткыч колдонулат. Эгерде кыртыш 5-10 мүнөттүн ичинде сиңип, кургап калса, кайрадан кыртыштоого туура келет. Кайра кыртыштоону жана жасалгалоо иштерди биринчи катмар толук кургагандан кийин гана жүргүзүү зарыл. Катмарлардын ортосундагы кургап калуу убактысы беттин түрүнө жана температуралык шарттарга жараша болот. Кайра биринчи катмарды сүйкөгөндөн кийин болжол менен 30-60 мүнөттөн кийин кыртыштоо керек. Беттин кайра кыртыштоого даярдыгын текшерүү үчүн иштетилген бетке кагаз баракты басып көрүү керек; эгерде кагазда нымдын изи калбаса, демек ал даяр болуп эсептелет.

**Көңүл буруңуз**

Иш учурунда кыртышты мезгил-мезгили менен аралаштырып туруу сунушталат. Иштеп бүткөндөн кийин дароо эле шаймандарды жана идиштерди суу менен жууп салуу керек. Көрсөтүлгөн мүнөздөмөлөр айлана-чөйрөнүн температурасы 20±2°С жана абанын салыштырмалуу нымдуулугу 60±10% болгон шартта жарактуу. Жумуштарды аткарууда жалпы курулуш иштерин жүргүзүү боюнча нускамаларга жана курулуштагы техникалык коопсуздук эрежелерине ылайык иш кылуу керек. Полду тегиздөөчү каражаттарды колдонуудан мурун полду кыртыштоо үчүн «ПЛИТОНИТ Кыртыш СуперПол PROFI» каражатын колдонуу сунушталат.

**Сактык чаралары**

Иш учурунда кол кап колдонуу талапт. Праймер териге жана көзгө тийбеши керек. Көзгө тийип кетсе, дароо көп өлчөмдөгү суу менен жууп салыш керек жана доктурга кайрылуу зарыл.

**Ташуу жана сактоо шарттары**

**Кышкы рецептура үчүн:** оозу бекем жабылган идиште -50°Стан +40°Ска чейинки температурада сактап, түз тийген күн нурларынан коргоо керек. -50°Ста 5 циклге чейин тоңдурууга жол берилет, эриткенден кийин ал өз касиеттерин сактап калат. Тоңгондон кийин мажбурлап ысытпастан, толук эригенге чейин бөлмө температурасында кармоо зарыл.
Жайкы рецептура үчүн: кыртыштарды аба өтпөгөн идиште, жабык кампа жайларында +5°Стан +40°Ска чейинки температурада сактоо керек, тоңдурууга жол берилбейт.
Өндүрүүчүнүн ачыла элек идишинде сактоо мөөнөтү: даярдалган күндөн тартып 24 ай. Даярдалган күнүн таңгагынан караңыз.

**Курамы**

Полимердин суу дисперсиясы, өзгөртүүчү кошумчалар.

**Өндүрүүчүнүн кепилдиги**

Өндүрүүчү керектөөчү ташуу, сактоо шарттарын жана ушул нускаманын көрсөтмөлөрүн сактаган учурда каражаттын ТУ 2241-001-51552155-2013 талаптарына шайкештигине кепилдик берет. Материал менен иштөө технологиясы сакталбаса, ошондой эле ал ушул нускамада айтылбаган максаттарда жана шарттарда колдонулса, өндүрүүчү булар үчүн жоопкерчилик тартпайт.

**3 л челек үчүн логистикалык маалыматтар:**

Жеке штрих-код: 4607013043862

Паллеттеги челектердин саны: 144 даана

**10 л челек үчүн логистикалык маалыматтар:**

Жеке штрих-код: 4607013043879

Паллеттеги челектердин саны: 40 даана

**10 кг чака үчүн логистикалык маалымат:**

Жеке штрих-код: 4607013046221

Паллеттеги чакалардын саны: 44 даана